Черикчиева Гүлмира Мейманбековна **“Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары”** аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине илимий жетекчинин

## ПИКИРИ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз тилин эне тили катары өзүнчө предмет болуп окутулушунун тарыхы бир кылымдан ашты. Окутуу-үйрөтүү боюнча жүз жылдан ашык тарыхы бар кыргыз тилин окутуу процесси мезгилдин суроо-талаптарына жараша айрым өзгөрүүлөргө, толуктоолорго дуушар болуп, жакшыруу, өркүндөө багытындагы иш-аракеттер талашсыз жүрүп келет да окутууда мазмуну менен окутууда формасы олуттуу өзгөрүүлөргө ээ болбостон, негизделип, алгачкы мазмуну менен алгачкы формасын толук сактап келе жатат. Билим берүүнү уюштуруудагы сабактын башкы, жаңы формаларын табууга болгон аракеттер дайыма жана тынбай жүргүзүлүп келе жатканына карабастан, окутуунун алда канча алгылыктуу жана натыйжалуу формаларын табуунун келечеги жок деп аныктоого болот.

Кыргыз тили сабагы илимий-теориялык жактан кыйла иштелип, көптөгөн тажрыйбалар топтолсо да сабакта коюлган максаттар толук ишке ашпай, кыргыз тили сабагы мектептеги предметтердин ичинен кызыктуу сабактардын катарында калып келет. Кыргыз тилин окутуунун методикасы

илимий азыркы суроо-талаптарга жооп бергендей ондогон эмгектерди жаратса да, кыргыз тили боюнча өтүлүүчү сабак өзүнчө изилдөөнүн, диссертациялык иштин темасы катары иштелбей келет. Мектептер, кыргыз тили жана адабияты кабинеттери азыркы жабдыктар, керектүү каражаттар менен жабдылып, кыргыз тили боюнча сабакты уюштуруп, өткөрүүгө кыйла жакшы шарттар түзүлгөндүгүнө карабастан, кыргыз тил сабагынын натыйжалары али да төмөн бойдон калып келет.

Г.М. Черикчиеванын бул диссертациялык иши аталган проблемага арналгандыгы менен актуалдуулукка ээ.

Алынган натыйжаларынын илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси изденүүчүнүн орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары, окутуунун жаңы парадгмаларын колдонуунун методикалык негиздери, мугалимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелери азыркы талапка ылайык иштеп чыккандыгы менен түшүндүрүлөт.

Диссертациялык иш үч главадан туруп, анда изденүүчүнүн жеке тыянактары менен сунуштары берилди.

Г.М. Черикчиеванын аталган темада иштеген диссертациялык иши өз алдынча иштелген, толук бүткөрүлгөн жана көрсөтүлгөн талаптарга жооп берген жекече эмгек катары коргоо алдындагы талкууларга сунуш кылынат.

Илимий жетекчи, п.и.д., профессор Ж.А.Чыманов

Ж.А. Чымановдун колун тастыктаймын, Кадр бөлүм башчысы